## КОРГОО ОРДЕРИ ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Коргоо ордери** – үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучусун мамлекеттик коргоого алган жана үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамга таасир этүүчү чараларды колдонууга жол берген документ. Коргоо ордери милдеттүү түрдө 24 саатка 3 күндүк мөөнөткө берилет.

**Коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга** төмөнкү шарттарды коёт:

1) үй-бүлөлүк зомбулукту жасоого тыюу салат;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам менен түз же кыйыр түрдө байланышууга тыюу салат.

Коргоо ордеринин шарттарын бузган учурда төмөнкү жоопкерчиликтер каралган: 1500 дөн 3000 сомго чейинки административдик айып пул, же болбосо 30дан 40 саатка чейин коомдук иштерде иштөө, же болбосо 3төн 5 суткага чейин административдик камакка алуу.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жарандын арызынын негизинде** ички иштер органдары коргоо ордерин 30 күнгө улантат. 14 жаш-курагына толо элек жарандардын жана кыймыл-аракетинин мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын атынан алардын мыйзамдуу өкүлү, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган, же өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспектор арыз менен кайрыла алышат.

Эгер коргоо ордери 30 күнгө улана турган болсо, анда үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адам зомбулукка ыктаган жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча түзөтүү программасынан өтүүгө милдеттүү.

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАН ЖАРАН ТӨМӨНКҮ УКУКТАРГА ЭЭ:

- үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган жаранды өзү менен чогуу жашаган жайдан убактылуу бөлүү талабы менен сотко кайрылууга;
- жашы жете элек өспүрүм балдары менен байланышуу ата-энелик укугун чектөөгө;
- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде, ошондой эле социалдык жактан кызмат көрсөтүүчү мекемелерден, кеңеш-берүүчү-алдын алуучу борборлордон (кризистик борборлордон), убактылуу жашоочу жайлардан социалдык-психологиялык жардам алууга;
- акысыз негизде, коопсуздукта убактылуу жашап туруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык убактылуу жашоочу жайларга жайгашууга.

## ИЧКИ ИШТЕР ОРГАНДАРЫНЫН БӨЛҮНҮШТӨРҮНҮН ТЕЛЕФОНДОРУ

| | |
|---|---|
| Бишкек ш. ШИИБи | (0312) 43-71-75 |
| Чүй облусунун ИИБи | (0312) 43-88-85 |
| Ош облусунун ИИБи | (03222) 5-59-10 |
| Талас облусунун ИИБи | (03422) 5-29-98 |
| Ысык-Көл облусунун ИИБи | (03922) 5-24-14 |
| Жалал-Абад облусунун ИИБи | (03722) 5-66-66 |
| Нарын облусунун ИИБи | (03522) 5-09-21 |
| Баткен облусунун ИИБи | (03622) 5-0015 |
| КРнын ИИМнин Нөөмөт бөлүмү | (0312) 66-23-31 |
| КРнын ИИМнин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгы | (0312) 26-62-97 |
| КРнын ИИМнин ишеним телефону | (0312) 26-64-18 |

## КҮНҮ-ТҮНҮ ИШТЕГЕН АКЫСЫЗ ТҮЗ БАЙЛАНЫШ ТЕЛЕФОНДОРУ

| | |
|---|---|
| Коомдук тартипти коргоо кызматы КРнын ИИМи | 102 |
| Балдар үчүн ишеним телефону « 112-системасы» | 112 |
| КРнын Акыйкатчысынын түз байланыш телефону (жумуш убактыларында) | 115 |

Бул басылма АКШнын Мамлекеттик департаментинин каржылык кодоосунун негизинде, БУУӨПтүн «Кыргызстандагы гендердик зомбулуктун алдын алуу» долбоорунун алкагында, «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук фонду тарбынан даярдалды.

Бул басылмадагы ой-пикирлер АКШнын Өкмөтүнүн, Бириккен Улуттар Уюмунун, анын программаларынын, долбоорлорунун же өкмөттөрүнүн көз караштарын милдетүү түрдө чагылдырбайт. Колдонулган белгилөөлөр тигил же бул өлкөнүн, аймактын же райондун, же алардын чек араларынын укуктук макамына тиешелүү кандайдыр бир ой-пикирлерди билдирбейт.

ДПИБ Демократиялык процесстерди изилдөө борбору

Полноправные люди. Уст ойчивые ст раны.

http://crdp.asia/
info crdp.asia

# МИЛИЦИЯ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН КОРГОЙТ ЖАНА САКТАЙТ

## ЭГЕР СИЗ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТЫП ЖАТКАН АДАМДАРДЫ БИЛСЕҢИЗ, СИЗ АЛАРГА БУЛ МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРИП ЖАРДАМ КӨРСӨТӨ АЛАСЫЗ

**Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө ачык айтышпайт. Коомчулук муну үй-бүлөнүн жеке иши деп ойлойт, жабыр тарткан жаран үй-бүлөдө эмне болуп жаткандыгын ачык айтуудан уялат, ал мени эч ким түшүнбөйт, ушакташат же жазалашат деп коркот.**

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЭМНЕСИ МЕНЕН КОРКУНУЧТУУ?


- **Үй-бүлөлүк зомбулук** – бул бир гана көк ала же тытылган тактар эмес, бул ден-соолукка узак убакытка чейин келтирилген зыян, ошондой эле психологиялык жактан терең жабыркоо, мындай жабыркоо аны өмүр бою коштойт;
- **Үй-бүлөлүк зомбулук** – бул бир гана билимге жана окууга карата кызыкчылыктын жоголушу эмес, бул ошондой эле балдардын көчөдө калышы, кылмыштуулуктун өсүшү;
- **Үй-бүлөлүк зомбулук** – бул сабалып токмок жеген аялдардын, корккон балдардын жана жардамга муктаж, алсыз улгайган адамдардын жанынан карабай өтүп кетип жаткан кайдыгер адамдар.
- **Үй-бүлөлүк зомбулук** – бул бүгүн басмырланган жана таяк жеген баланын эртең өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүн басмырлоосу жана уруп-сабоосу;
- **Үй-бүлөлүк зомбулук** – бул адамдык баалуулуктардын талкаланышы, бактысыз үй-бүлөлөр, жоголгон балалык, ташталган ата-энелер, коомдун баарынын деградациялануусу.

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТУ ЖАШЫРБОО КЕРЕК!

**2016-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактысы менен милицияга 7 000 адам кайрылган.**

**Алардын баардыгына коргоо жана кайтаруу берилген.**

Үй-бүлөлүк зомбулук жасоо фактысы боюнча берилген убактылуу коргоо ордерлеринин саны, бирдиктик көрсөткүчтө




**Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо» мыйзамы, ар бир адамга, анын ичинде балага карата үй-бүлөлүк зомбулук же аны жасоо коркунучу жаралган учурда, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын коргоого алуусун жана жардам көрсөтүүсүн кепилдикке алат.**

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Үй-бүлөлүк зомбулук** – бул үй-бүлөнүн бир мүчөсү тарабынан экинчи мүчөсүнө карата физикалык, психологиялык, экономикалык мүнөздөгү атайын жасалган аракеттер, же алардын болуу коркунучу, ошондой эле кайдыгер мамиле кылуусу.

## МЫЙЗАМДЫН КҮЧҮ КИМДЕР ҮЧҮН КОЛДОНУЛАТ?

- Үй-бүлө мүчөлөрүнө: күйөөсү - аялы, ата-энелерге - балдарга, чоң-энелерге – чоң-аталарга жана неберелерге, камкорчуларга – камкордукка алынган жарандарга, багып алуучуларга жана алар баккан жарандарга, агаларга-карындаштарга, учурдагы тарбиячыларга –учурдагы тарбиялануучуларга;
- Нике күбөлүгүз жашагандар;
- Эмгекке жараксыз же жашы жете элек бирөөнүн багуусундагы жарандарга кам көргөндөргө - өзү эмгекке жарамсыз, же жашы жете элек бирөөнүн багуусундагы адамдарга;
- Жубайлардын ата-энелерине;
- Бирге жашаган башка бир туугандарга.

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК БОЛГОН УЧУРДА, ЖЕ МЫНДАЙ КОРКУНУЧ ЖАРАЛГАНДА КАЯККА КАЙРЫЛУУ КЕРЕК?

- Милициянын аймактык кызматкерине, өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспекторго, же милициянын жакынкы бөлүмүнө;
- аксакалдар сотуна;
- жергиликтүү аймактык башкармалыктарга, кварталдык комитеттерге, үй комитеттерине;
- айыл өкмөттөрүнө;
- үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмдөрүнө;
- дарыгерге, же башка медициналык кызматкерге;
- мектеп психологуна, социалдык педагогго, мугалимге же окутуу мекемесинин администрациясынын өкүлүнө;
- социалдык жактан өнүктүрүү башкармалыгынын кызматкерине;
- КРнын Акыйкатчысына;
- сотко же прокуратурага.

## ЖАРАНДАР ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК БОЛГОНДУГУ, ЖЕ МЫНДАЙ КОРКУНУЧ ЖАРАЛГАНДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ ФАКТЫСЫ МЕНЕН КАЙРЫЛГАН УЧУРДА МИЛИЦИЯ МИЛДЕТТҮҮ:

- Жарандардын баардыгынан арыз алууга жана каттоого (кошуналардан, күбөлөрдөн ж.б.);
- Үй-бүлөлүк зомбулукту токтотууга;
- Жабыр тарткан адамдын ден-соолугуна жана өмүрүнө жаралган коркунучту жок кылуу боюнча кечиктирбестен, ыкчам түрдө чара көрүүгө;
- Коргоо ордерин берүүнүн жана анын мөөнөтүн узартуунун, административдик же кылмыш жоопкерчилигине тартуунун тартибин түшүндүрүүгө;
- Коргоо ордерин берүүгө жана анын аткарылышын көзөмөлдөөгө;
- Социалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматтарды берүүгө;
- Жабырлануучунун макулдугу менен аны жардам көрсөтүү үчүн медициналык текшерүүгө, же соттук-медициналык экспертизага, башка органдарга жөнөтүүгө;
- Өспүрүмгө карата үй-бүлөлүк зомбулук болгон учурда балдарды коргоо боюнча аймактык органга ыкчам түрдө маалымат берүүгө;
- Жабыр тарткан адамдын макулдугу менен зомбулук жасагандыгы жөнүндө зомбулук жасаган адамдын жумуш ордуна маалымат жиберүүгө.

Эгер имараттын ичиндеги адамдардын ден-соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаралгандыгы жөнүндө негиздер бар болсо, милициянын кызматкери эч тоскоолдуксуз түрдө кирип барууга укуктуу.